DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Анарбаева Г.А.*

## КОКОН ХАНДЫГЫ ДООРУНДА КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН ЖЕРГЕ БОЛГОН МАМИЛЕСИ

*Анарбаева Г.А.*

## ОТНОШЕНИЕ КЫРГЫЗСКИХ ПЛЕМЕН К ЗЕМЛЕ В ПЕРИОД КОКАНДСКОГО ХАНСТВА

*G. Anarbaeva*

## ATTITUDES OF KYRGYZ TRIBES TO THE LAND DURING THE KOKAND KHANATE

*УДК: 07.00.02 (575.2)*

*Макалада негизинен Кокон хандыгы мезгилиндеги кыргыз урууларынын жерге болгон мамилеси, көчмөнчүлүктөн акырындык менен отурукташууга ыңгайлашуу жана дыйканчылыка болгон мамилелери жөнүндө баяндалат. Көчүп-конуу шарттарында жер – жараткандыкы, баарына тең деп эсептелгени менен көчмөндөрдүн реалдуу турмушунда салт боюнча тигил бул уруу, урук же бир атанын балдары тигил же бул кыштоонун, жаздоонун, жайлоонун жана күздөөнүн ээси катары кабыл алынган. Бул адат салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Тигил же бул өзөн суу, башат же булак, көрүстөн жана мазарлар дагы мындай адатта маанилүү орунду ээлеген. Баланча уруунун, түкүнчө манаптын же байдын өзөнү, башаты, мазары же көпүрөсү деген аныктоочу сөз кыргыздын көчмөн турмушундагы калыптанып келген расми салт эле. Бул тартип муундан-муунга, атадан балага калган үйрөнгөн адат болуп калган.*

***Негизги сөздөр:*** *Кокон хандыгы, көчмөндөр, вакф, кыштоо, жаздоо, күздөө, жайлоо, салык, жер менчиги, жер ээлөө, жерди пайдалануу.*

*В статье в основном рассказывается об отношении кыргызских племен к Земле во времена Кокандского ханства, постепенном переходе от кочевого к оседлому образу жизни и их отношении к земледелию. Несмотря на то, что в условиях оседлости земля-творение, равное всем, в реальной жизни кочевников традиционно тот или иной род, клан или дети одного отца воспринимались как хозяева той или иной зимовки, весны, пастбищ и охраны. Эта привычка имела относительно постоянный характер. Этот обычай был относительно устойчивым, немаловажную роль играла та или иная река, родник, кладбище и мазары. Слово, источник, мазар или мост такого-то племени, манапов или богачей, было официальной традицией кочевой жизни кыргызов. Эти обычаи передавались из поколения в поколение, от отца к сыну.*

***Ключевые слова:*** *Кокандское ханство, кочевники, вакф, зима, весна, осень, лето, налог, землевладение, частная земля, землепользование.*

*The article mainly tells about the attitude of Kyrgyz tribes to the Land during the times of the Kokand Khanate, the gradual transition from a nomadic to a sedentary lifestyle and their attitude to agriculture. Despite the fact that in the conditions of settlement, the earth is a creation equal to everyone, in the real life of nomads, traditionally one or another clan, clan or children of one father were perceived as the owners of one or another wintering, spring, pastures and protection. This habit was relatively permanent. This custom was relatively stable, an important role was played by one or another river, spring, cemetery and mazars. The word, the source, the mazar or the bridge of such and such a tribe, the Manaps or the rich, was the official tradition of the nomadic life of the Kyrgyz. These customs were passed down from generation to generation, from father to son.*

***Key words:*** *Kokand Khanate, nomads, waqf, winter, spring, autumn, summer, tax, land ownership, private land, land use.*

Кокон хандыгынын курамында жашаган кыргыз уруулары ээлеген жерлер жалпысынан элдики деп эсептелген. Бирок, тигил же бул уруунун тигил же бул жерди, айдоону жана кыштоону, жаздоону, жайлоону жана күздөөнү колдонуп келген убакытынын узактыгына жараша ошол уруунун коомдук менчиги катары таанылган. Мурунку замандарда кыргыз урууларынын тынымсыз журт которуштуруп, көчүп-конуп жүрүшкөндүгү алардын бир жерде туруктуу жашоо убактысынын ченемдүүлүгүн шарттаган.

Эгер уруу бир кыштоодо бир нече жылдар, кээде ондогон жылдар бою туруктуу жайгашып калса, анда ал жерлер ошол урууга таандык деп эсептелинген [1]. Кыргыздардын жерге болгон мамилеси көчмөн жашоо ыңгайына жооп берген, Бул албетте, жер ээлөөнүн туруксуздугун шарттаган. Бирок, кыргыз эли үчүн жер коомдук, элдики, андан төмөндөп келсек, уруунуку деп аталып, анын туруктуулугу салыштырмалуу болсо да, ыйык, таалуу маселе катары кабылданган. Кыштоо менен ар жылы аштык айдалчу жерге болгон мамиленин көп жылдарга созулган туруктуулугу кыргыз тарыхында азыркы мезгилге чейин бир нече ээлик өзгөрүлүп кетсе да санжыра таризинде элдин эсинде сакталып, баланчанын кыштоосу, баланчанын аңызы, баланчанын арыгы деген топонимдердин сакталып турушу кыргыздардын жерге болгон мамилесинин так ушул түрүн көрсөтүп турат.

Мисал катары бир санжыралык кабарды айта кетели.

Азыркы Өзбекстандын Анжиян облусунда Асаке деген шаар, Атакара, Ботокара аттуу ири элдүү кыштактар бар. Санжыра боюнча кыргыздардын оң канат тобуна кирген саяк уруусунан чыккан Байболот бийдин экинчи уулу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Асаке өйдө чекти болжол менен XV-XVI кылымдарда Анжыяндын чыгыш жагында азыркы Өзбекстандын Асаке шаарынын ордунда кыштоо куруп, ал жерде аштык айдап, жаздап, жайлоого Арстанбап тарапка чыгып, ар жылы кыштап келген экен. Асакенин мал-жанынын эни башкалардыкынан айырмаланып, кулагынын өйдө жагынан чегилгендиктен ал кийин «Асаке өйдө чекти» деген атка конгон делет санжырада[2, 9-б.].

Асакенин кыштоосу кийин отурукташкан чоң кыштакка айланып, ага Асаке деген ат берилиптир. Асаке анжыян кыргыздарынын кеч орто кылымдагы бир ордосу катары да саналгандыгын санжыра айгинелейт. Кийинчерээк Кокон хандыгында отурукташкан сарт калкынын саны өсүп, кыштактар арбыганына байланыштуу кыргыздар акырындык менен жайыты кененирээк элетке сүрүлө берген. Ал эми Асакенин кыштоосу XIX кылымдын орто ченинде отурукташкан өзбек (сарт) калкы жыш жашаган шаарга айланган. «Сарт» - санскрит (байыркы индиялыктардын диний-ритуалдык тилдеринин бири) тилинде «соодагер» маанисин туюнтуп, көчмөн түрк элдери тарабынан отурукташкан, жер иштетишкен иран (фарси-тажик) тектүү, кийинчерээк түрктөшкөн калкка бе-рилген энчилүү ат экендиги илимде эбак далилденген. Асакенин абаларынын бири Сарыдан Атакара жана Ботокара дегендер жашаган. Атакара азыркы Анжиян облусунун Кыргызстандын Ноокен районуна чукул Избаскенди жердеп, ал эми Ботокара Анжыяндын түндүк-чыгыш тарабында жашаган. Аялдары өзбек болгондуктан кийинчерээк алардын урпактары өзбектерге аралашып кеткен. Бирок, эзелки кыштоолор акырындап отурукташкан чоң кыштактарга айланган да аттары ушул мезгилге чейин сакталып калган [3, 22-б.]. Бул жерде Ботокаранын мекени болгон Ботокара кыштагында Искак-Полот хан 1875-жылдын 27-сентябрында экинчи жолу ак кийизге салынып хан көтөрүлгөндүгүн эске сала кетүү да оң. Анткени бул окуя санжырага, элдик салтка негизделип жасалгандыгын окумуштуу Т.Кененсариев атайын белгилеген [4, 202-б.]. Кокон хандыгынын күчөп турган мезгилинде ферганалык элет кыргыздары түрдүү экономикалык, саясий жана социалдык себептерден улам өрөөндүн түшүмдүү жерлеринен айрыкча Алим хандын мезгилинен баштап акырындык менен тоо этектерине карай сүрүлүп чыгарылга берген [5, 30-31-бб.]. Натыйжада, XIX кылымдын орто ченинде Фергана өрөөнүнүн ортолугунда жайгашкан түздүктөр демографиялык жактан улам көбөйүп олтурган «сартийа» аталган отурукташкан эл катмары тарабынан ээленген [6, 34-б.]. Кыргыздардын эзелки ата конуштары болгон Асаке, Анжыяндын жанындагы Мундуз, Бото-Кара, Атакара, Избаскен жана башка жерлер, Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүндөгү кыргыздардын жашап өткөндүгүн билгизген көптөгөн топонимдер бул процесстен кабар берет. Кокон шаарынын айланасындагы, Маргалан аймагындагы, Тажикстандын Канибадам, Исфара, Кожент шаарларынын айланасы, андан ары Өзбекстандын Жизак облусундагы Заамин, Бакмал райондорунун аймактары ээлтен, негизинен ичкилик тобуна кирген кыргыз уруулары туруктаган аймактар экендиги көптөгөн тарыхый жана санжыралык маалыматтардан белгилүү. Кыргыздарда адам менен жердин ортосундагы өндүрүш мамилелеринин түрүнөн улам жер ээлөөнүн классикалык түрү - жерге болгон жеке менчик болгонбу? - деген суроо келип чыгат. Көчүп-конуу шарттарында жер - жараткандыкы, баарына тең деп эсептелгени менен көчмөндөрдүн реалдуу турмушунда салт боюнча тигил бул уруу, урук же бир атанын балдары тигил же бул кыштоонун, жаздоонун, жайлоонун жана күздөөнүн ээси катары кабыл алынган. Бул адат салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө ээ болгон.Тигил же бул өзөн суу, башат же булак, көрүстөн жана мазарлар дагы мындай адатта маанилүү орунду ээлеген. Баланча уруунун, түкүнчө манаптын же байдын өзөнү, башаты, мазары же көпүрөсү деген аныктоочу сөз кыргыздын көчмөн турмушундагы калыптанып келген расми салт эле. Бул тартип муундан-муунга, атадан балага калган үйрөнгөн адат болуп калган. Түркстанга жаңыдан келишип, жер шартын чалгындаган орус саякатчылары муну тез эле байкашкан. Мисалы алар тигил же бул уруу, урук ата-бабалары ээлеп келген кыштоо-жайлоолорго көчүп-конуу жолдору билип-билбей же атайылап өзгөрүлсө, мындай көрүнүш «адатты бузууга» теңелип, керек болсо «чатак, согуш чыгарууга» себеп, шылтоо катары кабыл алынган [7, 42-б.]. Атабабадан калып келген кыштоо-жайлоо жана пайдалануучу жер-суулардын чектери жана өлчөмдөрү, оозеки бекиген адатка айланып, көчмөндөр жана алардын башчылары мындай мыйзамды бузбоого аракеттенишкен. Көчүп-конуу адатына шек келтирүү жоокерчилик заманындагы уруулар арасындагы араздашуулардын негизги себеби болуп калган [8, 15-б.]. Орус келээр алдындагы кыргыз турмушундагы бардык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



уруу аралык чабыштар тигил же бул деңгээлде жер-жайыт талашынын айынан келип чыккандыгын изилдөөлөр тастыктап турат [9, 21-б., 10, 5-б.]. Кыргыз жер ээлөөсүнүн адатынан эми жер менчиги кандай уюштурулгандыгына сереп салалы. XIX кылымдагы кыргыз коомунун коомдук-экономикалык мамилелеринин алкагында менчиктин, ана башында жер менчигинин түрлөрү жөнүндөгү маселе тарыхнаамалык талаштарды жаратып келген. Бул маселеде изилдөөчүлөр көп учурда «жер менчиги», «жер ээлөө» жана «жерди пайдалануу» деген терминдердин окшоштугуна жана айырмачылыктарына баа беришпей келген. Маселени толук түшүнүү аталган терминдердин түпкү маанисин таасын аңдоого байланыштуу деп ойлойбуз. Терминдердин биринчиси менен экинчисин көп учурда бирдей карашат. Бул туура эмес. Чынында «жер менчиги» деген түшүнүк илимде батыштын коомунда болуп келген жерге болгон менчиктин толук түрүн көрсөтөт. Башкача айтканда орто кылымдагы мансаптуу феодалдар, атүгүл орус дворяндары мамлекеттик зaң-закүндүн алкагында бекитилип берилген жер ээлиги негизинен толук кандуу болгон да, ал жер ээлик укугун каалагандай чече алган, сатып жибере алган, белекке берген, мурас калтырган. Ал эми кыргыз көчмөн шартында «жер менчиги» чынында менчиктин таасын маанисинде болгон эмес. Атүгүл Борбордук Азиянын орто кылымдардан бери келе жаткан коомдук турмушунда жерге болгон мамиле батыштагыдай толук менчик катары каралбай, ал номиналдуу менчик болгон. Кыргыз коомунда «жер менчиги» деген түшүнүк болгон эмес, тек «жер ээлөө» деген гана түшүнүк калыптанган деп ойлойбуз. Кыргыздардын адат боюнча жер-суу жаратkандыгы деген салттуу түшүнүгү жер менчигинин так ушундай гана түрүн шарттаган. Кыргыз жер ээлөөсү биринчи кезекте уруунун, уруктун, экинчи кезекте бир атанын балдарынын же жеке адамдын жерге болгон мамилесин мүнөздөгөн. Демек, Түркстандын шартында «жер менчигинин» ордуна тарыхый жактан калыптанган түшүнүк «жэр ээлөө» болгон. XVIII-XIX кылымдын чектеринде Кыргызстанда жер ээлөөнүн төрт түрү орун алып келгендигин көрө алабыз. Алар: коомдук менчик, мамлекеттик менчик, мүлктүк менчик жана вакфтык менчик [11, 12, 1-33-бб.]. Жер-суу, шалбаа-жайыт негизинен жаратkан тартуулаган жалпы коомдук менчик болгон. Тоо-таш, өзөн суулар, көлдөр, булак, башаттар, жайлоо-төрлөр бүтүндөй уруунун жалпы пайдаланган менчиги деп эсептелген. Көчмөн кыргыздардагы мал артынан бир жерден экинчи жерге тынымсыз көчүп жүрүүдө адам менен жердин ортосунда өз ара тыгыз жана туруктуу байланыш калыптанган эмес. Жер иштетүү болгон күндө да, тигил же бул конкреттүү айдоону же аңызды конкреттүү адамдардын тобунун же бир адам такай иштете албаган. Демек, мындай мамиле адам менен жердин ортосунда салыштырмалуу гана туруктуулукту түзүп, жеке жер ээлөө түшүнүгү калыптанган эмес. Жалпы жер «жаратkандын элге энчилеп берген» коомдук ээлиги болсо да, орус келээр алдындагы Кыргызстанда коомдук жердин чоң бөлүгү *мамлекеттик менчик* катары каралган. Мисалы, Кокон хандыгынын тушунда иштетилген айдоо аянттары, дың жерлер, жайыт жерлер мамлекеттин да жери болуп эсептелген. Аны амляк, мамлякаттык, замини мамляка, же мевот («Мевот» - земля пустопорожная, необработанная, принадлежащая государству. Комиссия Гомзина (1869) мевот считала особой, четвертой формой землевладения [13, 41-46-бб.] - деп аташкан. Бул жерлер калкка пайдалануу үчүн берилип, анын иштетилген бөлүгү үчүн казынага «херадж» жана «танап» деп аталган салык алынып турган («Херадж» - поземельный налог, плата натурой от 0,2 до 0,5 части урожая «всех полезных произведений земли». «Танап» – денежный сбор с виноградников, огородов, клеверных полей. Каждый танап (площад равная на 0,33 дес.) облагался рублевой и двухрублевой податью). Мамлекеттик жерлердин ичинен пайда алып келүүчү дың жерлер, айдоо аянттары, тигил же бул өзөн же ават (өздөштүрүлгөн деген мааниде) жерлер кээде мансаптууларга, мамлекеттик чиновниктерге, хандын өзүнө, анын бала-чакасына жана тууган-туушканына «ээлик» катары (менчик эмес) «мүлк» (мильк, мюлк, мамалюк) деп аталып, атайын фатфанын негизинде жердин эң башкы кожоюну болуп эсептелген мамлекет башчысы – хан тарабынан ыйгарылып турган. Мындай *мүлктүк менчик* (ээлик) үч шартта алынган: а) өздөштүрүлбөй жаткан дың жерлерге суу чыгарып, аны өздөштүргөн учурда; б) тигил же бул өздөштү-рүлгөн жерди башка бир адамдан же мамлекеттен сатып алган учурда; в) мамлекет башчысы тарабынан сый, белек катары ыйгарылган учурда. Мүлк укугу дайыма атайын документ менен тастыкталган. Мүлк толук жер менчиги эмес, тек гана жер ээлөө укугунда чектелген. Анткени, хан каалаcа жер ээсинин мамлекет-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тик кызыкчылыкка каршы келген иш-аракеттери үчүн мүлктү тартып алып коюуга укуктуу болучу. Мүлктүн «акталган» (обеленные) («Обеленные» - хурру-халисные, то есть освобожденные от податей и налогов земли) жана «акталбаган» (не обеленные) [14] түрлөрү болгон. Мүлктү сатып жиберүүгө, бирөөгө тартуулоого, атадан-балага мурастоого укук берилген. Мүлк Кыргызстандын шартында анын түштүгүндө калыптанып, көптөгөн документтер менен тактыкталып олтурат [15, 54-61-бб.].

Кыргызстандын түштүк аймактарынын шартында жер ээлөөнүн төртүнчү түрү - *вакуфтук* (вакып, вакф) менчик да калыптанган. Бул диний мекемелердин (медресе, мечит, мектеп, мазар, көрүстөн) атайын хандын же жергиликтүү бийлик ээсинин жарлыгы менен ыйгарылган жер ээлиги болуп эсептелген. Вакфтар дагы «адам жашап пайдаланылган» жана «пайдаланылбаган» болуп эки түргө бөлүнгөн. Бирок, бардык вакфтар «акталган» ээлик болуп, алардан салык алынган эмес. Вакфты деле толук кандуу жер менчиги катары кароого болбойт. Вакфтар хан же ири жер ээси тарабынан диний мекемеге же көрүнүктүү дин ишмерине сыйлоо, мурастоо же арноо жолу менен пайда болуп, атайын вакф-намэ деп аталган документ менен тастыкталган. Вакфты сатып жиберүүгө мүмкүн эмес эле. Тилекке каршы Кыргызстандын Россияга каратылаар алдында бул жерде вакфтык жер ээлөөнүн өлчөмү жөнүндө изилдөөлөрдө маалымат жок. Ошондой болсо да орус серепчилеринин үзүл-кезил кабарларынын негизинде вакфтык жер ээлөөнүн Кыргызстандын түштүгүндө гана калыптангандыгын билүүгө болот. Колдо болгон маалыматтарга таянсак, Кыргызстандын түштүк аймактарында негизинен майда вакфтык жер ээликтери болуп, 1882-жылкы маалымат боюнча Ош ойозунда 29 вакфтык жер ээлиги катталган. Анын жалпы аянты 6904 танап (0,33 дес. аянт) [16] жерди түзгөн. Түштүк Кыргызстанда айтылуу Алымбек датканын вакфы гана ири жер ээлиги катары саналган. Датканын вакфы 1859-жылы ал өзү такка олтургузган Малабек хандын чечими менен уюшулган эле. Бул вакфтык жер ээлик Ош шаарында жайгашып, жалпы аянты 5000 кош жерди (болжолдуу 1660 дес.) ээлеген [17, 109-б.]. Жогор жакта көрсөтүлгөн жер ээлөөнүн төрт түрүнүн бары эле Кыргызстандын бардык аймактарында орун алган эмес. Кыргызстандын түндүк жана түндүк-чыгыш аймактарында негизинен коомдук жана мамлекеттик менчик болсо, отурукташкан дыйканчылык басымдуу болгон түштүк аймактарда саналып өткөн жер ээлөөнүн бардык түрү кездешип келгендигин изилдөөлөр ырастап турат [18, 94-125-бб.]. XIX кылымдын орто ченинде кыргыз коомчулугу патриархалдык-феодалдык [19] коом болгон деп советтик тарыхчылардын басымдуу көпчүлүгү жазып келишкендигин жогор жакта айтып кеттик. Ага терминдик жактан сереп салуу биздин милдет эмес, бирок, мани-маңызы боюнча бул мүнөздөмөнү негизинен, «патриархалдык-феодалдык» деген терминден башкасын кабыл алып, ошол эле учурда кыргыз коомчулугундагы жогор жакта сөз кылынган жер элөөнүн төрт түрүнүн калыптангандыгын эске алуу менен мүлктүк теңсиздиктин бир топ терең экендигине ынанабыз.

**Адабияттар:**


1. ЦГА РУзб., ф.и. 1, оп. 14, д. 56, л. 21-98.
2. Момун Нурмат Ысман Тегин. Бабыр жана кыргыздар. // КР.–1994. – С. 9.
3. Кыргыздар. – Бишкек,1991. – 2-китеп. – 22-бет.
4. Кененсариев Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү. – Б., 2009. - 202-б.
5. Усенбаев К. Общественно-экономические отношения...- 30-31-беттер.
6. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства..- 34-б.
7. Мак-Гахан. Военные действия на Оксусе и падение Хивы. - М., 1975. - С. 42.
8. Завадский-Краснопольский А.Л. Русское царство. При аральский край. СПб, 1874. - С. 15.
9. Семенов А.Л. Средняя Азия. - М., 1911. - С. 21.
10. Павлов Н. История Туркестана. – Т., 1910. - С. 5.
11. ЦГВИА РФ.-Ф.400, оп.1, д.871, л.173-174; Там же д.887, л.208-209.
12. Ростиславов М.Н. - один из исследователей земельных отношений Туркестана, побывавший там в 70-е годы XIX века, различал три формы землевладения. / «Очерк видов земельной собственности собственности и поземельный вопрос в Туркестанском крае, – «Труды третьего международного съезда ориенталистов в Санкт-Петербурге 1876", т. 1. - СПб., 1879-1880. - С. 1-33.
13. Савицкий А.П. Поземельный вопрос в Туркестане. - Ташкент: Изд. Сам ГУ, 1963. - С.41-46.
14. Центральный Государственный архив республики Узбекистан. Далее ЦГА РУз..-Ф.23, оп.1, д.205, л.8; Там же.-Ф.1, оп.12, д.647, л.3-6; Там же.-Ф.26, оп.1, д.65, л.295-296; Там же.-Ф.19, оп.1, д.34736, л.14; Там же.-Д.33517, л.15,26; Там же.-Д.36763, л.4-6, 10-11 и др.
15. Плоских В.М. Очерки патриархально-феодальных отношений в Южной Киргизии (50-70-е гг.XIX в.). - Фрунзе: Илим, 1968.-С.54-61.
16. ЦГА РУз.-Ф.19. оп.1, д.22929, л.46 и об.
17. Ильясов С.И. Земельные отношения в Киргизии в конце XIX - начале XX вв. – Фрунзе: Изд. АН Кирг.ССР, 1963.- С.109.
18. Усенбаев К. Общественно-экономические отношения кыргызов (вторая половина XIX - начала XX вв.). - Фрунзе: Илим, 1980. - С. 94-125.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



19. Материалы объединенной научной сессии, посвященной истории Средней Азии и Казахстана в дооктябрьский период. - Ташкент, 1965. – С. 136, 141.
20. Анарбаева Г.А. Твердое развитие времен Кокандское ханства основной этап Кыргызского государства. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 8-1. С. 242-245.